УДК 81'373.4

КЫРГЫЗ ТИЛИ ИЛИМИНДЕ КЕСИПТИК ЛЕКСИКАНЫН ИЗИЛДЕНИШИ
ИССЛЕДОВАНИЯ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ЛЕКСИКИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКОЗНАНИЯ
RESEARCH PROFESSIONAL VOCABULARY KYRGYZ LINGUISTICS

Шакирова М.Р.
ЖАМУ, кыргыз тили кафедрасынын доценти.

Аннотациялар: Бул макалада кыргыз тилинин кесиптик лексикасынын изилдениши тууралуу кыскача сөз болду. Кыргыз лингвисттеринин кесиптик лексика боюнча изилдеген эмгектери, ой-пикирлери мисалдар менен келтирилип, салыштырылды. Ага карата автордун оюу берилди.

В этой статье дается краткая информация исследования профессиональной лексики кыргызского языкознания. Проведен анализ научных трудов по профессиональной лексики кыргызских ученых-лингвистов. Высказаны краткие мнения автора.

This article gives a summary of the research professional vocabulary Kyrgyz linguistics. The analysis of scientific works on professional vocabulary Kyrgyz linguists. Made a brief opinion of the author.

Кыргыз тилинин кесиптик лексикасы тармагында да илимий изилдөөлөр бир топ жүргүзүлгөн. Лексикадагы бул катмарды изилдөөдө элдин мурунку замандардан бери кесипчилик кылып күн көргөн өнөрлөрүн билүүбүз зарыл болот.

Кесиптик сөздөр кесип ээлеринин айрым өкүлдөрү тарабынан эмес, кесипчилердин жалпы коллективи тарабынан жаралып, кылымдар бою калыптанып, кесипчиликтин ошол чөйрөсүнө сиңип, бара-бара алар жалпы элдик тилге даяр түрдө келип кирет.

Кесиптик лексиканын колдонулуш чөйрөсү жалпы элдик лексикага караганда бир топ тар болот, башкача айтканда, андай сөздөр кандайдыр бир кесипчиликте иштешкен адамдар үчүн гана белгилүү болуп, алардын арасында гана колдонулат. Ошол кесиптик сөздөр кызмат учурларда гана сүйлөнөт. Башка учурларда мындай сөздөрдүн колдонулушу зарыл боло бербейт. Кесип ээлери да үйдө же башка жерлерде, кесиптик кызматтардан тышкаркы учурларда кесиптик сөздөрдү колдоно беришпейт.

Бул жагынан алганда кесипчилик сөздөр жалпы элдик лексиканын колдонулуш чөйрөсүнүн чектелген түрү катары диалектизмдерге да окшош болуп кетет. Бирок, алар төмөндөгү белгилери боюнча диалектизмдерден кескин айырмаланарын А.Сапарбаев көрсөткөн.

1. Кесипчилик терминдердин колдонулуш чөйрөсүнүн чектелиши территориялык негизге ээ эмес, социалдык негизге байланыштуу болот. Башкача айтканда, бир эле кесипке байланышкан бардык аймактарда айтыла берет.

2. Алар диалектизмдерден айырмаланып, адабий тилдин лексикалык составына кирет (Сапарбаев, 1997).

Ошентип, кандайдыр бир адистикке, кесипке же өндүрүшкө байланыштуу адамдардын кебине тиешелүү болуп, колдонулушу жагынан чектелген, бирок адабий тилдин лексикалык составына кирген сөздөрдүн жыйындысын кесиптик лексика, же кесиптик сөздөр дейбиз.

Кесипчилик сөздөрү кесиптик түшүнүктөрдү, эмгек куралдарын же анын продуктыларын, өндүрүштүн эмгек процесстерин өз кучагына камтыйт. Ошондуктан аларкесипчилик лексикасы, кесип сөздөрү деп аталып, айрымдары термин да болуп калат.

Кээ бир кесиптик сөздөр колдонулуш чөйрөсүнүн бир топ кеңдиги менен айырмаланып турат. Анткени кесиптердин айрым түрлөрү жалпы эл тарабынан өздөштүрүлүп же бардык элге белгилүү болуп калат да, ошол кесипке байланыштуу сөздөр көпчүлүк элге түшүнүктүү болуп кетет. Мындай сөздөр өзүлөрүнүн колдонулушунун активдүүлүгүнө, маанисинин жалпы элдик мүнөздүүлүгүнө байланыштуу эл арасында кеңири таркалып, кеңири колдонула баштайт. Мисалы: *мугалим, окутуучу, илим, билим, мектеп, китеп, дыйкан, эгин, түшүм, сугат, күздүк, кырман, мергенчи, капкан, теке, уй, кой, жылкы ж.б.*

Кыргыз мамлекети өз бийлигин колуна алып, эркин эгемен өлкө болуп жарыялангандан бери бир нече жыл өттү. Эгемендүүлүк менен катарлаш жерди менчиктештирүү саясаты да кошо келип, дыйкандар жер-жерлерди алына жараша менчиктештирип, иштетип келишүүдө. Ырас, байыртан ата-бабаларыбыз мал чарбачылык, аңчылык ж.б. кесиптер менен жан багып, дыйканчылыкка анча көңүл бөлбөй келишкен. Бүгүнкү күндө болсо, бул кесип кыргыз элинин дээрлик көпчүлүгүнө сиңип барат. Анткени бул кесип материалдык байлыкты өндүрүүнүн негизги бир булагы катары маанилүү роль ойной баштады.

Дыйканчылыкка байланыштуу кесип сөздөрүн өз ара: *түшүм атоолору, эмгек куралдары, дыйканчылыкта колдонулуучу процесс атоолору, дыйканчылыктагы кесип атоолору* деп майда топторго бөлүштүрүүгө болот.

Кесипчилик сөздөрү узак убакыт бою колдонулуп жүрүп отуруп, адабий тилдин лексикасын байытып, жалпы элдик лексиканын катарына да өтүп кетет.

Кесип сөздөрү да коомдук кубулуш катары турмуштагы ар кандай өзгөрүүлөргө, өнүгүүлөргө жараша өнүгүп, өзгөрүп турат. Мисалга ала турган болсок, жогоруда да белгилеп өткөндөй кийинки учурлардагы экономикалык, чарбалык, илимий ж.б. өзгөрүүлөргө байланыштуу жаңы кесип сөздөрү пайда болуп, колдонула баштады. Алсак, *дүң, насыя, модуль, болондук процесс, чабарман, шериктеш, педагогика, доклад, диссертация, монография, терүү, басуу, кабарчы, ферма, фермер, бизнес, бизнесмен, коммерция, коммерсант, биржа, мэр, губернатор* ж.б.

Академик Б.М.Юнусалиевдин (1959), академик Б.О.Орузбаеванын (1964; 2000) эмгектеринде да кесиптик лексика чагылдырылып, жалпы элдик лексиканын катарында структуралык иликтөөлөрдө жана салыштырма изилдөөлөрдө далил болор материалдар катары кеңири пайдаланылган.

Кыргыз тил илиминде кесиптик лексиканын айрым бир тармактары XX кылымдын 70-жылдарынан кийин гана изилдене баштап, кеңири иликтөөлөр жүргүзүлгөн. Бул багытта алгачкылардан болуп Т.Дүйшөналиева (1971)атайын илимий иш жүргүзгөн. Анын эмгегинде кыргыз тилинин мал чарбачылыгына тиешелүү болгон абдан бай лексикасы жыйналып, илимий терең иликтөөлөргө алынган.

Кыргыз тилинин курулуш иштерине байланышкан кесиптик лексикасы Т.Назаралиев (1971) тарабынан изилденген. Бул эмгек айрыкча кыргыздардын үй куруу иштеринде колдонулган сөздөрдү чогултуп, аларга изилдөө жүргүзгөн. Кесиптик лексиканын бул тармагында башка тилдерден келип кирген сөздөрдүн абдан эле көп экендигин автор белгилейт. Ошону менен бирге ошол кабыл алынган сөздөрдүн көпчүлүгүнүн иран тилдеринен келип киргендигин баса белгилеп өтөт.

А.Б.Биялиев (1972) аңчылык өнөрдө айтылган элдик терминдерди изилдеген. Бул тармак кыргыз тилинин кесиптик лексикасынын алгачкы катмарларынан болуп саналат. Автор кыргыз элинин ошол байыркы өнөрүн терең изилдеп, бир нече илимий макалалар жарыялап (Биялиев, 1970), абдан көп сөздөрдү чогултуп, лингвистикалык терең иликтөө жүргүзгөн. Жыйнаган материалдарын адегенде сөздүк (Биялиев, 1972) кылып иреттеп, орус тилине которуп жарыялап,

анан иликтөөлөрүн ишке ашырган. Нукура элдик, кыргыз тилинин төл лексикасынын мол экендигин айтып көрсөткөн.

Кесиптик лексика менен терминдердин аралыгындагы лексикалык катмар болуп саналган саясий атоолор тармагын А.Исабекова (1971) изилдеп чыккан. Изилдөөчү советтик-интернационалдык терминдердин мол экендигин айтып, ошол жагына өзгөчө басым койгон. Албетте, ал кездеги коомдук пикир мына ошону талап кылган эле.

Мына ушундай эле социалдык турмуш терминдерине Ч.Н.Дыйканова (1991) да токтолуп өтүп, атайын илим-изилдөө иштерин жүргүзгөн. Бул эмгекте кыргыз элинин турмуш шартынын илгерки доорлор көрүнүшүндө колдонулган сөздөр, социалдык мүнөздөгү терминдер да чогултуп изилденген. Автор кыргыз элинин Енисей доорундагы турмуш тиричилигин, ошол учурдагы мамлекеттик түзүлүштү чагылдырган сөздөргө айрыкча басым жасаган.

Кыргыз тилиндеги көчмөндөргө байланышкан сөздөрдү алтай тилдер тобундагы башка тилдер менен салыштырып изилдөөнү С.Сыдыков (1991) ишке ашырган. Негизинен автор малга байланышкан сөздөрдүн айланасында сөз кылган, ошол жагынан алтай тилдеринин чоң тобундагы бири-бири менен бирдейликтерди изилдеп чыккан.

С.Ж.Мусаев (1991) элдердин, уруулардын, кыргыз урууларынын аттарына изилдөө жүргүзгөн. Эмгекте абдан көп уруу аттары чогултулган. Тарыхчы-этнографтардын эмгектерине обзор берилип, теориялык маселелерди да карап чыгат. Ишти иликтеп келип, «этнонимдик атоо объектиси катары урук, уруу, эл, улут менен бирдикте эле мамлекеттик-саясий бирикмелерге, аймактык топторго, этнографиялык группаларга байланыштуу айтылган атоолорду да көрсөтүүгө болот» (Мусаев, 1991: 106), деп жазат. Автордун оюн бөлүшүп, кыргыз тилиндеги уруу, урук аттары илгерки замандагы коомдук турмушту чагылдырган сөздөр болуп саналып, элдик кесиптик лексиканын бир бөлүгү катары эсептелет деп эсептейбиз.

К.Саматовдун (1997) кыргыз тилинде өң-түс аттарын билдирген сөздөргө жүргүзгөн изилдөөсүндө да кесиптик сөздөр жок эмес.

Кыргыз тилинин кесиптик лексикасын атайын изилдеп, илимий иш коргогон окумуштуу - И.Абдувалиев. «Кыргыз тилинин лексикалык корунун басымдуу бөлүгүн анын кесиптик лексикасы түзөт» (Абдувалиев, 2006: 5), деп бул тармактагы сөздөргө чоң маани берет.

Кыргыз тилиндеги кесип сөздөрүн бир нече топторго, аңчылык лексикасы, көчмөн турмуш лексикасы, аскерий өнөр лексикасы, мал чарбачылыгы лексикасы, дыйканчылык лексикасы, кол өнөрчүлүк лексикасы, маданий турмуш лексикасы, курулуш лексикасы (Абдувалиев, 2006: 134-135) деген топторго ажыратып бөлүп көрсөтөт. И.Абдувалиевдин изилдөөлөрү ошол топтордун ичинен көчмөн турмуштагы, көчүү,конуу
объектилеринин аталыштары *айыл, жайлоо, конуш, короо, коргон, кыштак, кыштоо, ой, төр,* жол объектилеринин аталыштары *арт, айрылыш, дабаан, кадуу, көпүрө, өзөн, өрүш* сыяктуу сөздөрдү, унааларга байланыштуу *төө, өгүз, качыр, эшек, топоз* жана жоокерчилик замандардагы өнөрлөргө байланыштуу *жортуул, кайгуул, буктурма, дүрбөөн, буктурма* сыяктуу лексикага арналып, майда топчолорго бөлүштүрүп терең изилдөөгө алат.

Кесиптик лексиканын тигил же бул тармагынын изилдениши жалпы кыргыз адабий тилинин жана диалектилик тилдик өзгөчөлүктөрдүн материалдарынан туруп изилденгендигин эске алуубуз шарт.

Адабияттар**:**

1. Абдувалиев И. Профессиональная лексика в кыргызском языке: сравнительно типологический анализ на материале конноспортивной. – Б., 2001. - 120 б.
2. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин кесиптик лексикасына салыштырма-типологиялык илик (көчмөн турмуш жана жоокерчилик өнөр сөздөрүнүн мисалында).– Б., 2006.

-134 б.
3. Биялиев А. Киргизские народные термины промысловой охоты. – Ф., 1972. - 39 с.
4. Биялиев А. Аңчылык терминдеринин кыргызча-орусча түшүндүрмө сөздүгү. – Ф., 1967. - 106 б.
5. Назаралиев Т. Киргизские народные строительные термины. - Фрунзе, 1971. – 24
6. Сапарбаев К. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы. – Б., 1997. - 325 б.
7. Юнусалиев Б.М. Киргизская лексикология. - Ф., 1959. - Ч. 1. - 246 с.
8. Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. - М.: Сов. энцикл., 1965. - 973 б.

Рецензент: Оморов А. – фил.и.к., доцент